КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КЫЗЫЛ-СУЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

№ 120

27 ___ 12 ___-2022-ж.

**Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын 16-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

## Калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымдардын 2023-жылга өлчөмүн бекитүү жөнүндө

Кызыл-Суу айылдык кенешинин аймагында айылды көрктөндүрүү, көчөлөрдү ирээтке келтирүү максатында айылдык кенешинин сессия

**Токтом кылат:**

1.Кызыл-Суу айыл өкмөтү боюнча айылды көрктөндүрүүгө жардам катары чогулуучу жыйымдан төмөндөгү кожолуктар бошотулсун:

а) Ата-Мекендик согуштун инвалиддери жана катышуучулары, Афганистанда, Таджикистанда кызмат кылгандар, ЧАЭС авариясына катышкандар, 1-2 группанын ивалиддери — 224 кожолук

б) Пенсияга жашы жеткен эркектер жана аялдар — 1405 кожолук

в) 4-баладан өйдө болгон көп балалуу үй- бүлөлөр — 105 кожолук

г) Кварталдык комитеттердин төрагалары — 18 кожолук

д) Жаны конуштар — 48 кожолук

Баардыгы: — 1800 кожолук

2.Калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу жыйым 2023-жыл үчүн ар бир кожолуктун ээсине 36 сомдон, Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан мекеме-ишканаларда иштеген ар бир адамдан 25 сомдон деп бекитилсин.

3.Калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу жыйым, 2023-жыл үчүн ар бир кожолуктун ээсине 36 сомдон, Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан мекеме-ишканаларда иштеген ар бир адамдан 25 сомдон өзгөрүүсүз калсын.

4.Кызыл-Суу айыл өкмөтү боюнча калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу жыйымдын жалпы өлчөмү 2023-жыл үчүн 96919 (токсон алты мин тогуз жүз он тогуз) сом өлчөмүндө бекитилсин.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенешинин бюджет жана финансы маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго тапшырылсын.

**Айылдык кенештин төрайымы:** **Г.Чыныбаева**